*УДК 787.8*

*Корпобаева М.К./КЫРГЫЗСТАН/*
*Корпобаева М.К./КЫРГЫЗСТАН/*
*Korpobaeva M.K. /KYRGYZSTAN/*

**КЫРГЫЗ САЛТТУУ МУЗЫКАСЫНЫН ФЕНОМЕНИ КАТАРЫ КҮҮНҮН МУЗЫКАЛЫК-ЖАНРДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ**

**МУЗЫКАЛЬНО-ЖАНРОВАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА КЮУ КАК ФЕНОМЕН КЫРГЫЗСКОЙ ТРАДИЦИОННОЙ МУЗЫКИ**

**MUSICAL AND GENRE CHARACTERISTICS OF KYUU AS A PHENOMENON OF KYRGYZ TRADITIONAL MUSIC**

**Аннотация.** Бул макалада кыргыз салттуу музыкасынын феномени катары күү жанрынын музыкалык жана жанрдык өзгөчөлүктөрү терең талданат. Автор салттуу кыргыз музыкалык маданиятында күү өзүнчө көркөм форма катары калыптанып, элдин дүйнө таанымын, тарыхый эс тутумун жана руханий дөөлөттөрүн чагылдырганын талдайт. Мындан тышкары күүнүн салттуу кыргыз маданиятындагы ордун, анын тарыхый, эстетикалык жана руханий маанисин ачып берет. Өзгөчө көңүл күүнүн феномени катары калыптанышына, анын улуттук көркөм ой жүгүртүүдөгү ролуна жана маанисине бурулат.

Макалада күүнүн структуралык түзүлүшү, аткаруу ыкмалары, эмоциялык-экспрессивдик мүнөзү жана фольклордук мейкиндиктеги орду изилденет. Ошондой эле, күү жанрынын түрлөрү, аткаруучулук традициялар жана анын муундан муунга өтүү процесси баяндалат. (92)

**Ачкычтуу сөздөр:** музыка, маданият, күү, жанр, фольклор, феномен, чыгармачылык, комузчулук,

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются музыкально-жанровые особенности кюу как феномена кыргызской традиционной музыки. Особое внимание уделяется осмыслению кюу как культурного феномена, его формированию, историческому, эстетическому и духовному значению в контексте кыргызской культуры. Автор рассматривает кюу не только как музыкальный жанр, но и как выразителя национального художественного мышления; а также как особая художественная форма, отражающая мировоззрение народа, историческую память и духовные ценности в контексте традиционной культуры кыргызов. Исследуется различные стороны искусства кюу, структура, способы исполнения, эмоционально-экспрессивные черты и его место в фольклорном пространстве. Также освещаются жанровые разновидности кюу, исполнительские традиции и процесс передачи музыкального наследия из поколения в поколение.

**Ключевые слова:** музыка, культура, мелодия, жанр, фольклор, творчество, комуз.

**Abstract.** This article examines the musical and genre features of kyu as a phenomenon of Kyrgyz traditional music. Particular attention is paid to understanding kyuu as a phenomenon, its formation, historical, aesthetic and spiritual significance in the context of Kyrgyz culture. The author considers kyuu not only as a musical genre, but also as an expression of national artistic thinking. It also analyzes kyu as a special artistic form that reflects the worldview of the people, historical memory and spiritual values in the context of traditional Kyrgyz culture. The structure of kyuu, methods of performance, emotional and expressive features and its place in the folklore space are explored. Also covered are the genre varieties of kyuu, performance traditions and the process of passing on musical heritage from generation to generation.

Кыргыз элинин салттуу музыкасы - улуттук руханий мурастын өзөгү болуп саналат. Бул мурастын эң көрүнүктүү жана байыркы түрү катары **күү** жанры өзгөчө орунду ээлейт. Күү — бул күүчүнүн (комузчу, кыл кыякчы, чоорчу ж.б.) аспап аркылуу аткарган аспаптык музыкалык чыгарма болуп эсептелет, ал сөзсүз түрдө угарман менен ички байланышта болушу абзел.

***Күү*** — кыргыз музыка чыгармачылыгындагы жана маданиятындагы аспапта ойноп чыгарылган чыгарманын түрү. ***Күү*** – бул кыргыз элинин руханий жашоо-тиричилигин чагылдырган тарыхый-маданий мурасы. Философиялык көз караште карап көрсөк элдик аспаптык күү кайрыгында, элдин жашоосу менен катар, кубанычы, кайгысы, эркиндик-теңдикти көксөөсү, сөз менен айтып билдирүүгө болбогон, ар бир чыгармачыл инсандын көөдөнүнүн, жүрөгүнүн тереңинде жаткан ой-толгоосу, жашыруун сыры, өнөрчүлүктү баалоосу, бөтөн элдер менен байланышы, элжерди душмандардан коргоосу ж. б. көптөгөн эпизоддор чагылдырылган.

Күүдө байыркы элдин тиричилиги менен бирге, кулк-мүнөзү, айкөлдүгү, сабырдуулугу, кеменгерлиги, ишмердүүлүгү ж. б. мүнөздөрү ачык берилген. Күү тууралуу кыргыз искусствосунун музыка таануу илиминин доктору **К. Ш. Дүйшалиев** "Кыргыз эл музыкасы" аттуу китебинде: "Күү – кыргыз элдик аспаптык музыкасынын түпкү (жалпы) аты, аспапка чыгарылган пьесанын же аспаптык музыкалык жанрдын аталышы"- деген аныктаманы жазган [4, 222-б.]. Күү тууралуу музыка изилдөөчү **М. Касейдин** эмгектеринде мындай деп жазылат: «Негизинен "күү" – бул жаратман инсандын эмоционалдык сезимдеги абалында пайда боло турган кандайдыр бир ой толгоону, түшүнүктү толук жандуу билдире турган элдик аспаптык чыгарма" [7, 29-б.].

Күүнүн речтик айтылышы түрк тилдүү элдердин аспаптык музыкасында бир нече түрдө колдонулат. Речтик айтылыштын шарты менен түрк тилдүү элдердин аспаптык музыкасында бир нече түрдө колдонулганын айтсак. Мисалы: казак, башкыр элдеринин аспаптык музыкалык фольклорунда ***күй*** деп айтылат. Ал эми алтайлык түрк тилдүү улуттарда бул сөздүн өзүнчө фонетикалык варианттары бар. Өзбектерде ***куёк/чалгу,*** азербайжан элдеринде ***мугам,*** түрктөрдө ***түркю,*** монголдордо ***морин*** хуур аспабында ойнолот, тажик элдеринде ***наво, садо*** деп аталат.

Кыргыз күүсүн образдык палитрасы кеңири диапазондогу мазмунду камтыйт: баатырдыкты, эпикалык, лириканы, драматизмди, жанрдык-турмуштук көрүнүштөрдү, комедияны, трагедияны ж. б. Образдар көпчүлүк учурда күүнүн атында (темасында) чагылдырылат. Кээде күүнүн атын, ошондой эле  чыгарманын жаралыш себептерин, мезгили жөнүндө күүчү автор маалымат бере алат. Күү чыгармаларынын мазмунунда терең философия жана өзгөчө стилдер камтылган. Аткарылып келе жаткан күүлөр мазмундары менен муундан муунга өтүп сакталып жана улам жаңы кошумчалар менен толукталып чертилип келет. Күүлөрдүн көркөмдүк жагын жана тарбиялык маанисин кыргыз эли өтө баалай билген. Ушундан улам күү ойнолуп жаткан учурда боз үйдүн ичинде кичинекей ымыркай балдардан баштап, улуу аксакалдарга чейин кунт коюп угушкан.

Кыргыз элдик күүлөрдүн көпчүлүгү программалуу, анткени, аларда музыкалык мазмундар даана сүрөттөлөт. Музыка изилдөөчү **В. Виноградов** "Киргизская народная музыка" деген китебинин "Аспаптык музыка" деген бөлүмүндө: "Программалуулук – кыргыздын аспаптык музыкасынын жаны" – деп жазган жана күүлөрдүн 90% ти баяндоо менен айтылып чертилерин аныктап жазат [2, 153-б.].

"Кыргыз музыкасынын стилдик өзгөчөлүктөрүнүн бири программалуулугу – ушундан улам анын образдуулугу, конкреттүүлүгү жана ал тургай көңүл ачуусу күүлөрдө ачык берилген ошондой эле кыргыздардын аспаптык музыкасынын жанры элдин коомдук түзүлүшүнүн жана жашоо шартынын өзгөчөлүгү менен тыгыз айкалышкан" - деп жазат эмгегинде культрология илимдеринин доктору **Ч.Т.Уметалиева** [14, 148-б.].

Күү эки өңүттө – тар жана кең мааниде түшүндүрүлөт. Тар маанисинде күү аспаптарда аткарылуучу бир сандагы жалгыз чыгарма. Кең маанисинде алганда, ал аспаптык музыкадагы көп сандаган

күүлөрдүн чогултулган жыйындысы. Башкача айтканда, күү салттуу аспаптык музыканын жанрын аныктап, күүчүлүк чыгармачылыктын өзүнчө музыкалык жанрдык статусуна ээ болгон. Аны кыргыз элдик салттуу аспаптык музыкасында күү жанрын өзүнчө маани-маңыздуу күүчүлүк өнөрдүн бир чоң тармагы деп түшүнүү абзель. Демек, күү кыргыздын салттуу аспаптык музыкасынын түйүндүү сөз термини катары бир эле учурда чыгарма жана жанр болуп эсептелинет.

Элдик күүлөрдүн жанрдык түрлөрү боюнча музыка таануучу **Т. М. Склютовская** мындайча жазган: "Аспаптык күүлөрдүн жанрдык түрлөрү негизги музыкалык темаларына, ладдарына, фактураларына, аткаруучулук ыкмалардын бирдиктүүлүгүнө жараша түзүлөт" [12, 7-б.].

Латынча ***жанр*** «genus» деген сөз менен аталган. Орус тилинде жанр «вид» же «род» деген сөздөргө дал келет. Кыргызча жанр «түр» деген түшүнүккө туура келет. Жанрдын которулушун аныктап көрүү үчүн, Кыргыз Улуттук академиясынын академиги **Константин Юдахиндин** кыргызча-орусча сөздүгүнө кайрылсак «көрүнүшү» деген сөз «вид» сөзүнө барабар [10, 78-б.]. Маңыз жагынан «жанр» менен «түрдүн» мазмундук семантикалык окшоштуктары бар. Андыктан аларды синонимдер деп кароого болот. Бирок бул терминдердин айырмачылыгы да жок эмес. Айталы «жанр» латынча «genus» (род) деп кыйыр, каймана түрүндө айтылып турса, бизче «көрүнүшү» деген түшүнүктү билдирип турат. Демек, жанр түшүнүгү белгилүү бир өлчөмдө лингвистикалык мазмундук көп маанилүүлүккө ээ, башкача айтканда универсалдуулукка ээ.

Музыка таануучу **А.Сохор** жанрдын функциясын эстетикалык көз караштан карайт. Окумуштуу музыканын жанрдык классификациясын сунуштайт, ал аны аткаруу жана кабыл алуу шарттарына негизделген. Окумуштуу мындай деп жазат: «Музыкадагы жанр – бул биринчи кезекте аткаруучулук чөйрө менен аныкталуучу чыгарма, ал объективдүү түрдө талаптарга жооп берген музыкалык чыгарманын түрү, ошондой эле кандайдыр бир кошумча белгилери (форма, аткаруу каражаттары, «поэтика» ж.б.) менен аныкталат [13, 96-б.].

Элдик аспаптык музыкадагы күү жаратуучулук, күү аткаруучулук өнөрдө салттуу жанрдык система катары бекемделип, туруктуу өнөкөткө айланып, калайык калктын акыл-эсине сиңип, угумуна кирип орноп калган «Камбаркан», «Ботой», «Шыңгырама», «Кербез» жана башка жанрдык түшүнүк-терминдер менен аталып, андан аркы иликтөөлөрдүн жүрүшүндө күүлөр мүнөздүү көркөм каражаттар менен толукталып таланттуу комузчулар тарабынан типтештирилип саны жана сапаты жагынан көбөйтүү, чогултуу жолу менен өнүктүрүлгөн. Бул жагдайда күүчүлүк өнөрдө жанрдык түзүлүш процесси ачык, жигердүү жүрүп, элдик чыгармалардын тематикалык аталыштарынын айланасына чогултуп, жыйнап топтоштуруу ыкмасы менен комузчулардын логикалык ой жүгүртүүсүндө типтешүү же типке келтирүү процесси жүрүп, салттуу классификациялык түшүнүк өсө берген. Мындай өсүү комузчулардын музыкалык психологиясы менен өбөлгөлөнүп, күү жанрынын жетилип орношулуш процессин айгинелейт. Жогоруда айтылган терминдик аталыштардын негизинде жайылтылган чыгармалар элдин аң-сезимине сиңирилип, чогултуу, жыйноо принциби менен топтоштурулган жанрдык салттын түзүлүшүндө башкы ролду күүчүлүк өнөрдүн алып жүрүүчүлөрү ойношкон. Ошондой чыгармачылык эргүүнүн натыйжасында комуз музыкасында оңтойлуу классификациялык мамиле менен жанрдык формалар жана жанрдык стилдер пайда болуп «Камбаркандардын», «Ботойлордун», «Шыңгырамалардын», «Кербездердин» топтору күү жанрынын теориясын изилдөөгө келгенде алардын өзүнчө илимий парадигмасын ачууга мүмкүнчүлүк болуп жанрлардын түрлөрүнүн ар бирине тиешелүү образдуулук, өлчөм-ыргактуулук, кайрык-тематикалык, программалык-драматургиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша сыпатталыш милдети турган. XX кылымда атактуу советтик мезгилдеги музыковед-теоретиктер А. Сохор, В. Цуккерман, Л. Мазель, В. Назайкинский ж. б. жанрдык теориянын иликтөө принциптерин, методдорун иштеп чыгышып жанр маселелерин изилдөөнүн татаалдыгын белгилешкен. Алардын бул маселеге тиешелүү эмгектеринде жанр жана

жанрдык система – татаал диалектикалык социомаданий организм катары чечмеленип, алар өз ара мамилелештирилген, объективдүү мыйзам ченемдүүлүк менен айкалышкан «чоң» жана «кичи» жанрлардын түрлөрүн бириктирип турган бирдиктүү жыйындысы деп аныкталат.

Ошолордун ичинен жанрдык статус боюнча музыкалык чыгармачылыкта мүнөздөмө жагынан толук кандуу аныктаманы П. Чайковский атындагы Москва консерваториясынын профессору **Л. Мазель** берген. Ал «Музыкалык жанрлар – булар тарыхта калыптанган музыканын ар башка социалдык функциялары менен бааланышкан, анын мазмунунун белгилүү типтери турмуштук шарттарга дайындалуусуна, анын аткарылуусуна жана кабылдоосуна байланышкан роддор жана түрлөр» [6, 18-19-б.], - деп таамай жазган.

Демек ***күү жанры*** – бул кыргыздардын байыртадан бери калыптанып, улуттук аспапчы музыканттарыбыз (комузчулар, кыл-кыякчылар, ооз комузчулар, чоорчулар ж.б.) өлкөнүн социалдык маданий турмушунда көрүнүп, билинип жаткан жагдайларда музыкага шыктуулар, жөндөмдүүлөр эл менен жаратылыштын ортосундагы катнаштарды, адамдардын ой-сезимдерин, чарбачылык иштерин, коомдук мүдөөлөрүн көркөм кооздук жана сулуулук категориялар менен чагылдырууга умтулгандыктын көрсөткүч куралы десек болот. Кыргыз күүлөрүнө баяндоочулук сюжет жана психологиялык айкындык мүнөздүү экендигин изилдөөчүлөр жазып келишкен. Кыргыз күүлөрүндө эки типтеги программалуулук бар: сюжеттик жана жалпылоочу.

**Биринчи тиби** – ырлар-дастандар негиз болгон жана оюнкараак күүлөр камтыйт. Буга мисал катары белгилүү ***дастан күүлөр:*** "Каныкейдин арманы", "Семетей күү", "Семетейдин шумкарын Айчүрөктүн ала качканы", "Алманбеттин арманы", "Эр Табылды жалгызым", "Зулайканын кошогу", "Кожожаш мерген", "Мендирман", "Саринжи-Бөкөй", "Курманбек" ж. б., Бул күүлөргө аткаруучулар өзү түшүндүрмөлөр менен коштоп күүнүн келип чыгышы, мазмуну жөнүндө айтып берет.

**Экинчи тибине** – программалуу эмес күүлөр сыяктуу эле, түшүндүрмө сөз аткаруучудан талап кылынбайт, бул күүлөргө ***салт күүлөр:*** "Камбаркандар", "Ботойлор", "Кербездер", "Шыңгырамалар", "Толгоолор", "Тайчилер", "Кайрыктар", мындан тышкары дагы салт күүлөргө: "Абактын күүсү", "Музоокенин күүсү", "Майлыбайдын күүсү", "Сурнай күүсү" ж. б. көптөгөн күүлөрдү атасак болот.

Мындай ойдун тегерегинде **А. Салиев** программалуу жана программалуу эмес күүлөр тууралуу өз оюн мындайча билдирген: "...программалуу жана программасыз болуп айырмалануу, ошол музыканын кеңири өнүккөндүгүн, музыкалык ойдун терендигинин, көркөмдүгүнүн, техникасынын өскөнүн далилдейт" [13]. Мындай ойду **В. В. Янковскийдин** эмгектеринен да кезиктиребиз: "Комуздун репертуарында, элдик аспаптык чыгармачылыктын эң жогорку жетишкендиктери камтылган. Көптөгөн кыргыз аспаптык күүлөрүнүн программалуулук мүнөзүн, сюжеттүүлүгүн көрсөткөн, көркөм ыкмаларды колдонуу менен, конкреттүү түрдөгү образдуулукту ачык көрө алабыз" [15, С. 22.].

Күүнүн драматургиялык, форма түзүү принциптери көптөгөн кылымдардан бери калыптанып, муундан-муунга өтүп келген. Күүнүн өзөгүндө варианттулук же импровизация методу аркылуу өнүгүүгө зор дарамети, мүмкүнчүлүгү бар баштапкы кыскача берилген музыкалык тема (же тематизм) жатат. Муну күүнүн данеги, ядросу, уругу, өзөгү деген синонимдер менен атаса болот. Адатта, ал даана мүнөздүүлүккө ээ, ошондой эле күүнүн андан аркы жүрүшүндө интонациялык, ыргактык, гармониялык, фактуралык, синтаксистик өзгөрүүлөргө өтүлөт. Ошону менен бирге тематизмдин типтери жана көрүнүштөрү обондук, гармониялык-фактуралык жана ыргактык болуп бир нече түркүмдөргө бөлүнөт.

Сюжетине жана программалуулугуна жараша күүнүн драматургиясы бир тематикалык жана көп тематикалык деп эки негизги түргө бөлүнөт.

Күүнүн биринчи түрүндө алгачкы образдын аз-аздан трансформацияланышы жана туунду типтин карама-каршылыгы байкалат. Экинчи түрүндө ап-ачык карама-

каршы салыштыруу, темалар аралык өнүгүүлөр, негизги образдын келип чыгышы, жаңылануунун өтмө динамикасында образдардын сиңирилип кетиши, дискреттүүлүк менен бирдиктүүлүктүн айкалышы көрүнөт.

Ушул жалпы илимий принципке таянып комуз күүлөрүнүн жанрдык классификациясынын тектик жана түркүмдүк жолу аркылуу карап көрсөк күүлөрдү бир гана музыкалык эмес, ошону менен бирге социалдык-психологиялык,тарыхый-маданий аспектисин, алардын мазмунун жана технологиялык формаларынын көп элестүүлүгүн мүнөздөп берүүгө мүмкүндүк берет.

Күүлөр элдик профессионалдык музыкалык чыгармачылыкта комуз күүлөрү, темир ооз комуз күүлөрү, чоор күүлөрү, сурнай күүлөрү, жыгач ооз комуз күүлөрү деп бөлүнүшөт. Көптөгөн күүлөр элдик ырлардын обондорунун негизинде жаралган. Бул жагдайда **Б. Алагушов** мындайча жазган: "Карамолдо кээ бир күүлөрүнүн негизги данын элдик обондордун кайруусунан алган. Аларды форма, ойноо ыкмасын жана мазмун жагынан, көркөмдөп иштеп чыккан. Мисалы, Карамолдо Муратаалыдан Капал менен Байгазынын "Көкөй-Кести", "Сынган бугу" деген кичинекей обон күүлөрүн үйрөнөт. Бирок, Карамолдо бул күүлөрдү не бир ченем жеткис бийик көркөмдүккө, не бир жүрөктүн кылын черткилеген назиктүүлүккө жеткирген" [1, 105-б.].

Карамолдонун күүлөрүнө, музыка изилдөөчүлөр В. Виноградов менен А. Затаевич өтө жогору баа беришкен. **А. Затаевич** өзгөчө "Койчулардын коңур күү" Карамолдонун репертуарындагы эң мыкты номер экендигин жана күүнүн көркөмдүгү, андагы гармониянын жана үндөрдүн айкалышкан мүнөздүүлүгү, баарынан да оригиналдуулугу жана өз ара тыгыз байланышкан формаларынын эң мыкты иштелип чыккандыгын айткан [6, 38-б.].

Кыргыз элдик күүлөрүнүн байыркылыгы жана салттуулугу, алардын бүгүнкү күнгө чейин салт катары сакталып келиши тууралуу **М. Касей** мындайча жазган: "Байыркы элдин жашоо-тиричилигин, тарыхын, дүйнө таанымын чагылдырган элдик салттык музыкасы нечендеген кылымдар ичиндеги муундар аркылуу өзүнө мүнөздүү спецификадагы эстетикалык көрүнүш катары калыптанып, бүгүнкү күнгө чейин өнүгүп, кыргыз маданиятта чоң орунду ээлеп келгендигин айтууга болот." [8, 110-б.].

Комуз күүлөрү башка аспаптык күүлөргө караганда саны, сапаты, түрү, күүлөнүшү, музыкалык темалардын өнүктүрүлүшү, көп добуштуулугу, ыкмалары менен айырмаланат жана башка элдердин классикалык аспаптык чыгармалары сыяктуу эле тема өнүктүрүү принцибинде куралган. Бул тууралуу музыка изилдөөчүлөр **К.Дюшалиев менен Е.Лузанованын** эмгегине көңүл бурсак: "Обонун масштабы өтө ар түрдүү - байкаларлык өнүгүүдө болгон, толук көркөм форманы түзгөн чыныгы "симфониялык" мүнөздөгү кеңейтилген музыкалык чыгарманы байкоого болот" – деп туура маалымат беришет [5, 174-б.].

Кыргыз күүлөрү - бул, маданий баалуулук гана эмес, ал улуттук мүнөздү билдирген, мурасты алып жүрүүчү тарыхый-маданий доорлорду басып өткөн кандайдыр бир баалуулук системасынын объективдештирилген формасы катары эсептейбиз. Канчалаган күүлөрдүн салттуу түрдө бир муундан экинчи муунга өтүп, өсүп-өнүгүп ойнолуп келгенин тарых бармактары тастыктап турат. Белгилүү музыка таануучу **В.Виноградов:** "Ырчылар жана аспапчылар элдик салттуу музыкалык маданияттын бирден-бир алып жүрүүчүлөрү жана өнүктүрүүчүлөрү болгон" – деп жазат эмгегинде [3, 69-б.].

Кыргыз күүсү — бул жөн гана музыкалык чыгарма эмес, ал руханий мурас, улуттун эстетикалык коду. Күүнүн музыкалык жана жанрдык өзгөчөлүктөрү анын көп кырдуулугун, философиялык тереңдигин жана турмуш менен байланышын көрсөтөт. Бул салтты изилдөө жана мурас катары кийинки муунга өткөрүү — ар бирибиздин милдетибиз.

Күүнүн феномени — бул музыкалык гана кубулуш эмес, ал кыргыз элинин дүйнө таанымынын, руханий дүйнөсүнүн, тарыхый эс тутумунун көркөм-комуникациялык көрүнүшү. Тарыхый жактан алганда күүлөр ар бир доордо өзүнүн убагына ылайык форма жана мааниге ээ болуп, кыргыз маданиятынын **жан дүйнөсүн** туюнтуп келген.

Кыргыз элинин салттуу музыка маданиятында ***күү*** өзгөчө орунду ээлеп, ал улуттук аң-сезимдин, дүйнө таанымдын жана көркөм ой жүгүртүүнүн уникалдуу көрөңгөсү катары каралат.

Күү — бул аспаптык формадагы музыкалык чыгарма болуу менен бирге, терең философиялык-маанилик катмарга ээ болуу менен бирге ал маданий феномен катары изилденүүгө тийиш.

Күүнүн феномени — бул кыргыз элинин эстетикалык жана философиялык дүйнө таанымын музыкалык формада чагылдырган уникалдуу маданий кубулуш. Анын тарыхый табияты ар кыл доорлордо өнүгүп, ар бир мезгилдин социалдык, руханий жана көркөм муктаждыктарына жараша өзгөрүп келген. Күү чыгармачылыгы аркылуу кыргыз эли өзүнүн тарыхын, сезимин, турмуштук баалуулуктарын жана дүйнө таанымын туюнтуп келгендиги аны улуттук музыкалык феномен катары баалоого негиз түзөт.

**Колдонулган адабияттар**:


1. Алагушов, Б. Комузчулар өнөрү [Текст]: илимий-попул. очерк / Б. Алагушов. – Фрунзе: Илим, 1976. – 207 б.
2. Виноградов, В. Киргизская народная музыка [Текст] / В. Виноградов. – Фрунзе: Киргизгосиздат, 1958. – 333 с.
3. Виноградов, В. Киргизский народный речитатив [Текст] / В. Виноградов // Вопросы музыкознания: ежегодник. – М., 1955. – Т. 2. – С. 48-71.
4. Дүйшалиев, К. Ш. Кыргыз эл музыкасы [Текст]: окуу китеби / К. Ш. Дүйшалиев. – Бишкек: Шам, 2007. – 400 б.
5. Дюшалиев, К. Ш. Кыргызское народное музыкальное творчество [Текст]: учеб. пособие / К. Ш. Дюшалиев, Е. С. Лузанова. – Бишкек: Фонд “Сорос-Кыргызстан”, 1999. – 341 с.
6. Затаевич, А. В. Киргизские инструментальные пьесы и напевы [Текст] / А. В. Затаевич. – М.: Сов. композитор, 1971. – 421 с.
7. Касей, М. Хрестоматия [Текст]: усулдук колдонмолор, комуз көнүгүүлөрү, обон күүлөр жана күүлөр. – Бишкек: Принт экспресс, 2014. – 122 б.
8. Касей, М. Элдик музыкадагы фольклордун жана профессионалдык аткаруучулуктун салттуулугу [Текст] / М. Касей // Кыргыз Республикасынын УИАнын кабарлары. – 2019. – № 2. – 109-113 б.
9. Мазель, Л. А. Строение музыкальных произведений [Текст] / Л. А. Мазель. – М.: Музыка, 1979. – 536 с.
10. Русско-кыргызский словарь: 51 000 слов [Текст] / под ред. К. К. Юдахина. – Бишкек: Шам, 2000. – 992 с.
11. Салиев, А. Замандашым, комузум [Текст] / А. Салиев // Советтик Кыргызстан. – 1959. – 7 июнь.
12. Склютовская, Т. М. Киргизская камерно-инструментальная музыка [Текст] / Т. М. Склютовская. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 128 с.
13. Сохор, А.Н. Теория музыкальных жанров: задачи и перспективы [Текст] / А. Н. Сохор // Теоретические проблемы музыкальных форм и жанров. – М., 1971. – С. 292-309.
14. Уметалиев-Баялиева, Ч. Т. Кыргыздардын этногенези: музыка таануу аспекти. Тарыхый-культурологиялык изилдөө [Текст] / Ч. Т. Уметалиева-Баялиева. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 290 б.
15. Янковский, В. В. Музыкальная культура советской Киргизии (1917-1967 гг.) [Текст] / В. В. Янковский. – Фрунзе: Илим, 1982. – 146 с.